Чүй ОИИБҢнын начальниги
милициянын полковниги
**С.Т.Асаналиевге**

# А Т А Й Ы Н   М А А Л Ы М А Т

2022-жылдын 8-апрель күнү Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынан №45-сандуу чыгыш номери менен Жайыл РИИБнө "Ишеним", "Альянс" жана "Социал.демократ"- аттуу партиялардын ыйгарым укуктуу өкулдөрүнүн арызы түшкөн, арызында "Күчтүү Коом" партиясынын талапкери А. А. үстүнөн чара көрүп берүүнү суранышкан, себеби Кара-Балта шаарынын мэриясынын муниципалдык кызматкери А. А., мындан тышкары, учурда Кара-Балта шаардык кеңешинин депутаттыгына "Күчтүү Коом" партиясынын талапкери болуп, "Вотсап" аркылуу кварталдык төрагаларга административдик ресурсун колдонуп коркутунуч түрдө 2022-жылдын 8-апрель күнү саат 18:00 чамасына элдерди максималдуу чогултуп берсин деп жазган, себеби ал жерде 6 партиянын талапкерлери менен чогулуш болот деп кат жөнөткөн, бирок бул боюнча калган беш саясий партия оозеки жана жазуу жүзүндө макулдук беришкен эмес, ошол себептен арыз менен кайрылышкан.

Төмөнкү аталган факт Жайыл РИИБнүн маалымат электрондук журналына №02-004-2022-001364 сандуу болуп катталган.

Бул тууралу "Ишеним" партиясынын ыйгарым укуктуу өкүлү 04.01.1991-ж.т. С. Ү. А. жана "Альянс" партиясынын талапкери 16.07.1988-ж.т. Д. М. К. сурак учурунда төмөнкүчө көрсөтмө берген, азыркы учурда Кара-Балта шаарынын шаардык кеңешинин депутаттыгына шайлоо жүрүп жатат, агитация убактысы 2022-жылдын 11-мартынан башталып 2022-жылдын 8-апрелине чейин. Агитация учурунда "Ишеним", "Альянс" жана "Социал демократ" партиялары кошулушуп төмөнкүнү аныкташкан, себеби "Күчтүү-Коом" партиясынын талапкери А. А. ошондой эле ал Кара-Балта шаарынын мэриясынын кызматкери болуп соц.тармак "Вотсапта", Кара-Балта шаарынын мэриянын кызматкерлери менен чогу бир группанын ичинде бар, ал ошол группада болуп, ошол группанын ичине туура эмес маалымат жөнөтүп жаткан, так айтканда ал жерде 8-апрель күнү саат 18:00 чамасында шайлоо участкасы №7355 (орто мектеп №2) жерде 6 партиянын талапкерлери менен чогулуш болот деп жазган, ал боюнча 3 партия кошулуп Жайыл районунун шайлоо комиссиясынын төрагасына арыз менен кайрылышкан, териштирип берсин деп. Ошондой эле далил зат катары сүрөт тиркеп берген. Андан тышкары А.А. кайрадан ошол эле группага урматтуу кесиптештер төмөнкү жазылган маалымат туура эмес экен, "Күчтүү Коом" эле партиясы чогулуш кылат экен деп жазган, ошол себептен ал өзүнүн партиясын агитация кылып жатат, административдик ресурс менен колдонуп жатат деп ойлошот. Мыйзам боюнча ал өзүнүн кызматын убактылуу шайлоо учурунда өткөрүп берген, ошол себептен группадан чыгып кетиш керек деп билдиришкен.

Окуя боюнча суралган 23.06.1981-ж.т. А. А. М. төмөнкүчө көрсөтмө берген, азыркы учурда Кара-Балта шаарынын шаардык кеңешинин депутаттыгына шайлоода "Күчтүү-Коом"-саясий партиясынын талапкери, А.А. Кара-Балта шаарынын мэриясында иштегенине 16 жыл болду, азыркы учурда Кара-Балта шаарынын муниципалдык жолдорун кароо боюнча адис болуп иштейт мындан

тышкары Кара-Балта шаарыны квартал комитетинин жооптусу болот, бирок 2022-жылдын 2 мартында А.А. Кара-Балта шаарынын мэриясындагы кызматынын функционалдык милдеттерин шайлоо учурунда убактылуу өткөрүп берген. А.А. жумуш туралуу “Вотсап” соц.тармагында группа бар анын аты “Кара-Балта”, ал группанын ичинде бардык кварталдардын төрагалары бар, мэриянын кызматкерлери жана дагы башка мекемелердин кызматкерлери дагы бар. “Күчтүү-Коом” партияда А.А. тышкары дагы Б. С. аттуу талапкер бар, ал экөө чогулууда мындай деп сүйлөшкөн болчу, кечке эле чогулуш кыла бербей бардык партиялар болуп бир чогулуш кылып өткөрбөйлүбү деп, бирок бул жөнүндө эчкимге айткан эмес, 06.04.2022-жылы С.Б. “Вотсап” аркылуу кат жөнөткөн ал жерде “8-апрель куну саат 18:00 чамасында УИК №7355 (орто мектеп №2) жерде 6 партиянын талапкерлери менен чогулуш болот ошол үчүн, ошол жердин кварталныйынан сураныч эл чогултуп беринизчи”-деп жазылаган, бирок бул жазуу мындай эле мисалы катары жазылган болчу, С.Б. А.А. жөнөтүп, ушинтип жазсак кандай болот деген, А.А. дагыл ал катты башка бирөөгө жөнөтөйүн деп, кокустан төмөнкү жазылган “Кара-Балта”-атту группага жөнөтүп алган. Кийин группадан баары сурап баштаган учурда А.А. бул туура эмес маалымат деп жооп жазган. А.А. ал группага жөнөткөнү эч кандай максат жок эле кокустан жөнөткөн, А.А. тышкары дагы ал группада башка дагы талапкерлер бар, алардын арасынын кебир кварталныйлар дагы шайлоого талапкер катары болуп катышып жатат, А.А. жөнөткүсү келсе дагы бул туура эмес болмок деп айткан.

Окуя боюнча суралган 03.04.1984-ж.т., Б. А. С. төмөнкүчө көрсөтмө берген, азыркы учурда Кара-Балта ш. ТЭЦ ПО ЭТВсинде-мамлекеттик сатып алуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт, бирок Кара-Балта шаарынын шаардык кеңешинин депутаттыгынын шайлоодогу “Күчтүү-Коом”-саясий партиясынан талапкер, ошол себептен функционалдык милдеттерин шайлоо учурунда убактылуу токтотуп койгон. “Күчтүү-Коом”-партиясында А.Б. тышкары дагы А. А. М. аттуу талапкер бар, чогулууда ал экөө мындай деп сүйлөшүшкөн кечке эле чогулуш кыла бербей бардык партиялар болуп бир чогулуш кылып өткөрбөйлөбү деп, бирок бул жөнүндө эчкимге айткан эмес, 06.04.2022-жылы А.Б. вотсап аркылуу кат жөнөткөн, ал жерде “8-апрель күнү саат 18:00 чамасында УИК №7355 (орто мектеп №2) жерде 6 партиянын талапкерлери менен чогулуш болот ошол үчүн, ошол жердин кварталныйынан сураныч эл чогултуп беринизчи”-деп жазылган, бирок бул жазуу мындай эле мисалы катары жазган болчу, кийин ал катты А.А. жөнөткөн, карап көрсөңүз ушундай кылып жарыялаcак болобу деп, кийин көрсө ал катты А.А. кокустан иштеген жумушуна тиешелүү группага жөнөтүп алыптыр. Бул катта эч кандай максат жок болчу, жон эле мисалы катары жазылган кат деп айткан.

Күбө катарында суралган Кара-Балта шаарыны Дзержинский көчөсүнүн №12-ү.т., 24.12.1977-ж.т., Ж. Н. Д. төмөнкүчө көрсөтмө берген, азыркы учурда Кара-Балта шаарынын Энергетический, Дзержинский жана Жаштык көчөлөрүнүн квартальныйы болуп иштейт. Н.Ж. жумушуна тиешелүү “Вотсап” соц.тармагында “Кара-Балта”-аттуу группа бар. Анын ичинде мэриянын жана башка мекемелердин кызматкерлери бар, ошондой эле ал группада А. А. бар, ал киши шайлоого чейин квартальныйлардын көзөмөлчүсү болчу, азыркы учурда ал “Күчтүү Коом”-партиясынын талапкери. Шайлоонун агитация учурунда А.А. тарабынан эч кандай тапшырмалар берилген жок деп айткан.

2022-жылдын 2 мартында №47-р сандуу Кара-Балта шаарынын мэриясынын буюрмасынын негизинде А. А. М. өзүнүн функциалдык милдеттерин убактылуу токтоткон.

2022-жылдын 10-апрелинде төмөнкү көрсөтүлгөн факт Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 27-бер. 1-бөл. 2-бөл. негизинде, кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндо токтом чыгарылган.

Жайыл РИИБнүн тергөө кызматы